Изденүүчү Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы”(адистиги 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы) биология илимдерин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчинин

# ПИКИРИ

Диссертациялык изилдөөнүн максаты Түркстан-Алай токой өсүмдүк районунун шарттарында арча токойлорунун жана интродукцияланган дарак породаларынын түзүлгөн өсүмдүктөрүнүн өнүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган токой-экологиялык иш-чараларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максатка ылайык, Түркестан-Алай районунун арча токойлорунун токой-экологиялык жактан баалоо, табигый жаңылануусун абалын, токойлордун калыбына келишин изилдөө жана жайыттын көчөттөргө жана өспүрүм арчаларга тийгизген таасирин анализдөө, Түркстан-Алай токой өстүрүү районундагы арча токойлорун жасалма жандандыруу маселелери, Түркестан-Алай токой өстүрүүчү районунун арча токой алкагындагы интродукция шарттарында дарак породаларынын өсүү жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө милдеттери аткарылган.

Теманын, багыттын тандалышы, материал жыйноо, системалаштыруу, чечмелөө жана жалпылоо изденүүчү тарабынан жекече аткарылган. Сунушталган ой-пикирлер, көз-караштар, изилдөөдөн алынган илимий корутунду, жыйынтыктар изилдөөчүнүн өзүнө таандык. Диссертациялык изилдөөдө чогултулган материалдар көлөмдүү жана көп багытта классификацияланган.

Диссертант көйгөйлөрдү туура көтөргөн жана аны изилдеген. Маселелерге байланыштуу изилдеген окумуштуулардын көз караштарына карата өзүнүн ой-пикирин эркин билдирген.

Мурзакулов Советбек Сыдыковичтин “Түркстан-Алай токой өсүмдүк районундагы арча жана интродукцияланган дарак породаларынын өсүшүнүн токой - экологиялык абалы” аттуу темада 06.03.02 - токой таануу, токой өстүрүү, токой жайгаштыруу жана токой таксациясы адистиги боюнча биология илимдерин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы коргоого сунушталат.

**Илимий жетекчи:**
айыл чарба илимдеринин доктору, профессор,
КРнын инженердик Академиясынын академиги

Б.Н. Шамшиев

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«7» 02 2024-ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ